Профсоюз уюмунун төрайымы: 
Конокбаева Ч.Н.

«Бекитемин»
Мектеп мудуру: Осмонакунова Н.Ы.

**Ж.Саадаев атындагы толук эмес орто мектеби.**

**Билим берүү мекемесинин жетекчилигинин эмгекти коргоо боюнча кызматтык милдеттери**

Билим берүү мекемесинин жетекчиси:

-Окуу процесси эмгекти коргоо иш кагаздары жана мекеменин Уставы боюнча ишке ашат;

-Билим берүү мекемесинин иши уставга жана эмгекти коргоо боюнча стандарттарга ылайык инженердик-техникалык байланышты коопсуз эксплуатациялоону камсыз кылат;

-Билим берүү мекемесинин имаратын, мастерскойду, спорт зал жана ушул сыяктуу, ошондой эле бардык көмөкчү жайлардын ремонтун текшерүүнү өз учурунда уюштурат;

-Окуу кабинеттериндеги эмгекти коргоонун талаптарын аткарууну жооптуу адамдарды буйрук менен бекитет;

- Билим берүү мекемесинин эмгектенген кызматчылар жана жумушчулардын (педколлективдин) эмгегин коргоо жана инструкциясын аткаруу боюнча кызматтык милдеттерди бекитет;

-Коллективдин мүчөлөрү тарабынан окуу процессинин шарттарын жакшыртуу боюнча чара көрөт. Эмгекти коргоо ишин уюштуруу боюнча суроолорду педагогикалык (камкордук) кеңешменин чогулуштарында талкууга коет, эмгек коллективинин жыйналыштарында эмгекти коргоонун абалы тууралуу кызматкерлердин, окуучулардын ден-соолугун чыңдоо боюнча иш-чаралардын аткарылышы тууралуу окутуу процессинин шарттарын жакшыртуу боюнча, ошондой эле аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрөт;

-Билим берүү мекемесинин кызматкерлерин атайын кол кап,маска,халат жана башка жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылат. Ошондой эле окуучуларды жана тарбиялануучуларды коомдук пайдалуу өндүрүш эмгегинде, практикалык жана лабораториялык иштерде кол кап менен камсыз кылат;

- Билим берүү кызматкерлеринин окутуу процессинде сергек жана коопсуз чөйрөнү түзүүдө активдүүлүгүн көрсөткөндөрдү сыйлоо, ошондой эле эмгек мыйзамын эреже жана нормаларды бузгандарды дисциплинардык жоопкерчиликке тартуу;

-Кызматкерлердин, окуучулардын жана тарбиялоочулардын арасында жаракатты жана ооруулууларды азайтуу боюнча профилактикалык иштерди алып барууну көзөмөлдөйт.

-медициналык мекемелердин оң корутундусунун негизинде жаңы кызматкерди кабыл алат; кызматкерлерди окуучуларды өз убагында диспансеризациялоону контролго алат;

- Билим берүү мекемесинин жаңы окуу жылына кабыл алууну иш тартибинин негизинде зыяндуу шартта иштеген кызматкерлердин иш ордун изилдөө комиссиянын иштөөсүн уюштурат; актысына кол коет;

-Группалык, оор кырсыктар жана өлүмгө алып келген учурларды тезинен жогорку Билим берүү мекемелердин жетекчилигине; тез аранын ичинде кырсыкка алып келген себептерди аныктайт. Комиссия түзөт,Акт түзөт. Буйрук чыгарат.Жобого ылайык обьективдүү изилдөө жүргүзөт;

-Профком менен биргеликте эмгекти коргоо боюнча келишимдерди түзөт жана уюштурат;

-Эмгекти коргоо боюнча инструкциянын кызматкерлердин, окуучулардын,профкомдун макулдугу менен бекитет.